# МИФОЛОГИЯ, ТАБУ ЖАНА ЭВФЕМИЗМ

**СААЛАЕВА Н. А.**
*Х.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университети*

**УДК.49.-085.2**

Табу жана эвфемизмдин тилдик фактыларын, ал үчүн өбөлгө түзгөн ар кыл жок нерсеге ишенген ойлоп табылган ар кандай диндик көз караштагы тарыхый, этнографиялык малыматтарды биримдикте, бирин - экинчисине байланыштуу тандаганда гана алардын эң бир татаал көп сырдуу түйүнү чечилип, алардын себептери аныкталарын айта кетүүгө туура келет. Мунун түпкү маңызы мифологияга барып такалат.

Ааламдын жаралышы, аны башкаруучулар жөнүндө ой жүгүртүүлөр өзгөчө чыгыштагы Месопатамияда (Тигр жана Ефрат дарыяларынын ортосундагы аймак) өкүм сүрүп, мифологиялык дүйнө тааным биринчилерден болуп ушул жерде пайда болгон. Мисалы, кудайлардын пайда болушу жөнүндөгү көз караштарын алып карасак: Тиомат менен болгон согушта вавилондук кудай Мардук каза болуп, анын негизинде башка кудайлар пайда болгон деген көз карашын айтышкан. Алгачкы коомдо жашаган адам баласы жаратылыштын ар бир кубулушун, оору-сыркоолорду, табийгый кырсыктардын бардыгын тең кандайдыр бир сыйкырдуу күчкө ишенип, ага сыйынышып, андан коркуу сезими менен күн көрүшкөн. Ошентип, алгачкы коомдун жан дүйнөсүндө миф орчундуу орунга чыгып, коомдук аң-сезимдин универсалдык формасына айланган. Оттун, кол өнөрчүлүктүн ж.б. пайда болушуна дагы табышмактуу карашкан. Ошентип, сыйкырдуу күчтөргө карата каада-салттар пайда боло баштаган, аларга болгон ишеним күчөгөн андан улам мифологиялык көз караш жаралган.

Адамзаттын маданий турмушундагы мифологиянын ролун жана ордун Ф.Энгельс, В.Г.Белинский, Н.Г.Чернышевский, Н.А.Добролюбов, ошондой эле Г.В.Плеханов, А.В.Луначарский, М.Горький ж.б. белгилеп кетишкен.

Советтик окумуштуулардын басымдуу көпчүлүгү карманып жүргөн теория боюнча миф - бул чындыкка такыр коошпогондук, ал каерде пайда болуп, каерде жашабасын аны чындыктай, тарыхый реалдуулуктай кылсак, фантастикалык түрдө түшүндүрүү жана баяндоо. Тагыраак айтканда, мифология - бул философиялык, көркөм-эстетикалык категория, ал байыркы адамдардын дүйнө, турмуш, коом кубулуштары, көрүнүштөрү жөнүндө ой толгоо, элестүү түшүнүгүнүн өзгөчө системасы.

*Мифология* - коомдук аң-сезимдин адамзат тарыхынын байыркы этабынын асыл жемиши. Мифологиянын табияты татаал жана карама-каршылыктуу. Ал, бир жагынан, элдик искусствонун эстетикасы менен байланышып кетсе, экинчи жагынан, диндик ишенимдер, көз караштар белгилүү даражада тутумдашат.

Дүйнө кубулуштарын, көрүнүштөрүн өздөштүрүү зарылдыгын жана кокустугун, чындыгын жана мүмкүнчүлүгүн, натыйжаларын, алардын ички себептерин, мифтик, фантастикалык ченемдер менен түшүндүрүү негизги орунда турат. Мифология жандуу образдарга өтө бай. Мифологиялык образдык система байыркы адамдардын дүйнө, турмуш көрүнүштөрүн, кубулуштарын өздөштүрүп, таанып билүүдөгү синкреттик каражат катары чыгат. Анын эволюциялык кыймылы фетиштик, анимистик жана антроморфтуу баскычтар боюнча өтө жана улам кайталангыс белгилер, сапаттар менен толукталат. Мифологиялык образ бара-бара эстетикалык көркөм негизге ээ болуп, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүндө жашайт. Элдин рухий муктаждыктарын, керектөөлөрүн канааттандыруучу куралга айланып чыга келет.

Мифтин жекече өзгөчөлүгү байыркы дүйнөдө ачык көрүнөт. Анткени байыркы дүйнөдө айлана-чөйрөнү, жаратылышты, ааламды түшүндүргөн илимдин ордун ээлеген жана функциясын аткарган, ошондой эле элдин рух маданиятын да аныктаган. Мына ошондуктан байыркы коомдо миф сүрөттөгөн же түшүндүргөн окуялар, көрүнүштөр,

өздөрүнүн фантастикалуу экенине карабастан, алар реалдуу кабыл алынган. Кийин мифологиядан коомдук аң-сезимдин формалары болгон дин, искусство, философия, адабият, идеология ж.б., бөлүнүп чыккандан кийин, мифтин жаңы мезгили башталат. Демек, миф - адам баласынын жан дүйнө (духовный) маданиятынын эң алгачкы формасы катары диний ишенимдерди (ырым-жырымдырдын пайда болушу), саясий көз караштарды (уруулар ортосундагы биримдикти сактоосу), искусствонун түрлөрүн (аңчылыкка, ырым-жырымдарга байланыштуу айтымдардын келип чыгышы) философияны (дүйнөнүн жаралышы тууралуу ой жүгүртүүлөр ж.б.) бириктирип турган.

Мифтин интеллектуалдык өзгөчөлүгү, ошол коомдогу адамдардын ой-жүгүртүүлөрү конкреттүү эмоционалдык, поэтикалык образдарда, метофаралларда чагылдырылганы.

Мифологиялык түшүнүктө жаратылыш кубулуштары менен маданият жакындашкан, адамдык сапат курчап турган чөйрөгө өткөрүлгөн, жаратылыш күчтөрү, аалам адам кейпине келтирилген, жандандырылган. Тиги дүйнө менен бул дүйнө дайыма карым-катышта жашайт деп эсептелген. Мисалга алсак, коомдук өнүгүштүн алгачкы баскычында жашаган Сибирдеги самаед, Түштүк Индиядагы утода, монголдордо, Сахарадагы туарег, Япониядагы айн жана Борбордук Африкадагы акамба элдеринде каза болгон адамдардын атын атоого тыюу салынган. Себеби ал адамдын аты аталса, жин-шайтандар угуп, билип калышып, аны кыйноого алат деп түшүнүшкөн. Аталган элдеги адам аттарынын ичинен жаныбарлардын, бак-дарактардын, тоо-таштын атына уйкаш аттар көп болгон. Ал адамдын көзү өтүп кеткен соң, анын аты менен аталган нерсенин баардыгынын тең аттарын өзгөртүп атоо пайда болгон [1, 47 б.].

**Табу** – бул полинезиялык сөз, кыргызча «*өзгөчө белгилөө*» деген маани берет. Алгачкы коом адамдарынын жаратылыштан сырткары жашоочу кандайдыр бир кереметтүү күчтөргө болгон ишениминин натыйжасында кыймыл-аракетке, сөзгө же буюмга тыюу салуу адаты табу деп аталат [4, 96 б.].

Табу сөзүнүн маңызы төмөндөгү аныктамада да чечмеленген: "Табу (полинезий тилдеринин биринде **ta** "*бөлүү, белгилөө*" **pu** "*таптакыр бөлүнгөн"*) 1) Алгачкы адамдардын табияттан тышкары турган күчтөрдүн пайда болушунан сактануу максатында колдонулган диний тыюусу; 2) социалдык-саясий, тарыхый маданий, этикалык же эмоционалдык факторлордун негизинде келип чыккан айрым бир сөздөрдү айтууга тыюу салуу.

Табунун келип чыгышы төмөндөгүдөй социалдык-экономикалык себептерге байланыштуу: анын биринчиси – тарыхый жактан байыркылыгы, экинчиси – табу коомдук маданияттын өнүгүшүнүн бардык этаптарында колдонулушу мүмкүн. Табунун максаты – "*атоо – сөздү колдонуудан чыгаруу*". Табунун механизими атоону алмаштыруу, башка сөздөр менен айтуу, атоону өзгөртүп жиберүү аркылуу ишке ашат".

Англиялык окумуштуу Джеймс Фрезер табуну магия принциптеринин бири деп жазат. Анын оюу боюнча: «табу - бул алгачкы адамдардын ааламды башкарган табияттан тышкары күчтөрдү баш ийдирип алууга негизделген иш-аракеттери жана түшүнүктөрүнүн системасы» [5, 45 б.].

Бизди курчап турган ааламдын ар кыл нерселери байыркы доордо адамдарга түздөн-түз таасирин тийгизе алат деп түшүнгөн. Табу дүйнөнүн көптөгөн тилдеринде сакталып калган жана орун алган.

Табу тилге гана таандык болгон кубулуш эмес, ал адам ишмердүүлүгүнүн дээрлик бардык тармагында (ойлоосунда, ишинде, кыймыл-аракетинде ж.б.) жолугат. Бул терминди полинезия Тончо аралдарында жашаган оборигендерди (жергиликтүү адамдарды) изилдеген белгилүү англис капитаны Ж.Кук 1771-жылы эң биринчи табуга байланыштуу ири салт бар экендигин аныктап, терминдин жаралышына негиз болгон. Кийинчерээк табу илимий термин катары колдонула баштаган [1, 34б.].

«Лингвистикалык энциклопедиялык сөздүкө» табу менен эвфемизм сөздөрү мындайча түшүндүрүлөт. Табу (полинезия сөзү кыргызча тыюу) "*белгилүү бир сөздү(сөз айкашын) же энчилүү атты айтууга жол берилбеген б.а. тыюу салынган сөз.*" Табу

кубулушу тил (кеп) аткарган кызматы боюнча магиялык (сыйкырдуу) күчкө ээ болот деген ишенимге негизделген.

Табу адегенде аӊчылык кесибинде пайда болуп, калыптанып өнүккөн. Аӊчы аӊ уулоо максатында уу кылынган жапайы жаныбарлар (аӊдар, кайберендер) алдын ала сезип, билип калбас үчүн алардын аттарын айтууга болбойт деген ишеним, көз караш өкүм сүргөн. Ошондуктан жапайы жаныбарлардын аттарын каймана түрдө туюндурган тергөө сөздөрүн колдонушкан.

Аӊчылык кесибинде өкүм сүргөн табу бара-бара турмуш-тиричилигине, анын ар кыл тармактары менен ар түрдүү чөйрөсүнө тарап, тынымсыз өсүп-өнүгүүнүн аркасында энчилүү адам аттарына да кулачын жайган.

Адамдар жаш жана жыныс өзгөчөлүктөрүнө карабастан, адамга кас, азыткы күчтөрдөн сактануу, алдын алуу максатында энчилүү аттарды айтууга тыюу салып, аларды ар кыл тергөө сөздөрдү колдонуп туюнтушкан, жана ошондой эле, бардык оорулардын ар бирин атаган аттарды жана өлүм-житимди анын ар түрдүү кырдаалын атаган. Атаган сөздөргө тыюу салып, алардын ордуна орун басарлык милдет аткарган шартына ылайык тергөө сөздөрүн колдонушкан ( ЛЭС, М., 1990, стр. 501 ).

Табу маселесинин пайда болушу, калыптанышы, башка илимдер менен болгон байланышы сыяктуу маселелерге көптөгөн окумуштуулар кайрылышып, изилдөө эмгектерин жазышкан. Орус лингвистери Д.К.Зеленин, А.А.Реформатский, Б.А.Ларин, А.А.Булаховский, Н.И.Толстой ж.б., изилдешкен.

**Табу** - означает запрет возникающий в сфере общественной жизни разных ступенях развития общества. Исходя из различных предпосылок, такой запрет может распространяться и на факт языка - деп А.А.Реформатский мүнөздөмө берген [3, 99 б.]. Загадочное слово «*табу*» которое сохранилась не только в нашем научном языке, но и в нашем обиходе, полинезийского происхождения. Оно означает реально-магический запрет, нарушение которого влечет за собой смерт или болезин, посылаемые богому, сверхестественнымы силами, духами. Табуированию подвергались материальные предметы, табу налогалась на употребление какой либо вещи, на произносение слов, на действия, на животных и людей.

Ошентип, коомдук өнүгүүнүн алгачкы баскычында турган полинезий, дулус, эскимос ж.б, элдерде сөздөрдү табулоо диний ишенимдерден келип чыккан.

Өлүмдү, оорулардын түрлөрүн, кудайлардын жана духтардын аттарын атоого тыюу салынган. Ошентип, табуну этнография менен да байланыштырабыз. Ал тилге да өз таасирин тийгизгендиктен, дүйнө жүзүндөгү ар кандай тилдерде айрым белгилери азыркы учурда да жашап келет.

Эӊ байыркы доорлордо, табу өзгөчө күч алып, өкүм сүрүп турган кезде бардык эле элдерде табуну, анын системасын өз кучагына алган “*тайная речь”* (кыргызча *жашыруун же каймана сүйлөө*) деп аталган кубулуш кеӊири тараган. Ага атайылап арналган изилдөөлөр да бар. Байыркы убакта “*тайная речтин*” үлгүсүнүн негизинде табышмактар пайда болуп өнүккөнү баяндалат. Ал “Талым кыз менен Көбөктүн айтышында” кеӊири орун алган.

Табу менен тергөөнүн пайда болуп өнүгүшүнүн эӊ алгачкы этабынын башаты байыркы доордо башталганын эске алсак, ислам дини кабыл алынганга чейинки ар кандай мезгилдердеги диндик көз караштарды да өз кучагына алат. Тактап айтканада, эӊ байыркы доорлордогу анимистик, тотемистик жана шаманистик ар кыл диндик негиздеги көз караштар, ырым-жырымдар, курулай ишенимдердин таасири тийгенин эске албай коё албайбыз.

Азыркы учурда колдонулган тергөө сөздөрдүн чыгыш теги табу сөздөр болгондуктан, бул өз учурунда *тотемизм* жана *анимизмге* барып токтолот [1, 34 б.].

Диний мифологиялык ишенимдердин байыркы формаларынын бири болуп тотемизм эсептелет. Бул жөнүндө Ф.Энгельс мындай деп жазат: «Любопытно, как у так называемых первобытных народах возникает предоставление о святости. Освяшение первоначального

то, что мы приняли из животного мира-животный элемент» (К.Маркс и Ф.Энгельс. Соч., т.24. стр.598 ).

**Тотемизм** (гр - *башталыш, негиз* деген мааниде) - адамзат коомунун өнүгүшүнүн алгачкы баскычындагы элдин мифологиялык түшүнүгү. Алар адамды кайсы бир өсүмдүк, жаныбар же нерсе менен байланыштуу дешип, алардын жашоо - шартын ошолор менен байланыштырышкан. Тотемизм диндик архаикалык элементтердин бири. Ал тигил же бул уруунун, уруктун айрым өсүмдүк же айбан менен туугандык мамилесин, тектин жакындыгын көрсөтүп турат. Тотем белгилүү бир уруунун атасы же энеси болуп чыгып, ал тыюу салуунун (табу) өзүнчө системасы менен шөкөттөлгөн.

*Тотемизм* кандайдыр бир жаныбарга сыйынуу гана эмес, байыркы адамдардын диний түшүнүктөрүнүн системасы, ошол коомдогу укук нормалары болгон. Адамдар жаныбарлардын кайсынысына сыйынбасын, өздөрүн ушул жаныбарлар менен каны бир туугандарыбыз деп эсептешкен.

Түрк элдеринде тотемден (ыйык эсептелинген жаныбардан) пайда болгон уруу аттары өтө көп учурайт: Кыргыздын *бугу, адигине, сарыбагыш* ж.б. уруулары, башкырларда - *бури (бөрү)*, алтайлыктарда *кув (ак куу), бөрүт же меркут* (бүркүт) ж.б. бул этнонимдердин бардыгы тотемдерден келип чыккан.

Байыркы кыргыздардын түшүнүгү боюнча айрым жерлердин, суулардын, жан-жаныбарлардын, ар кандай илдеттердин ыйык ээлери болгон. Дегеле байыркы кыргыздардын түшүнүгүдө айбандардын культун көтөрүү кеңири орун алган. Буга кайыптын ээси Кайберенди киргизүүгө болот. Кыргыздар да тоо кийиктеринин ээси бар деп ойлошуп, аларды антроморфтуу келбетте зыянсыз, каарсыз (добрый) дух катарында санашкан. Кайберендин ээси адам баласынын буту жетпеген тоо-таштарда жашайт имиш. Эгер мергенчилерге жолугуп калса, кийиктин туягына куюлган айран менен сыйлап, өз тукумун эпсиз кырбоону суранат экен. Ал эми тоо кийиктин ээси Кайберен кээде тотемдик жаратуучулук милдетти да аткарат. Бул идея бугу уруусунун пайда болушун баяндаган уламышта ачык чагылышкандыгын көрөбүз.

Мына ушундай түшүнүк, көз караштар табунун жаралышына негиз болгон. Байыркы кыргыздардын жашоосу мергенчилик менен тыгыз байланышта болгондуктан, аң уулоо учурунда жолуугучу айрым коркунучтуу жырткычтарды өздөрүнөн бийик сезип, алардын да жаны бар, сөзгө адамдардай эле түшүнөт деп болжолдошкон. Жашоо үчүн болгон аракет алардан сактануунун, бул үчүн аларды алдоо айла - амалын табуну талап кылган. Бул айла - амалдын жеңил түрү коркунучтуу жаныбарларды атынан айтпай тергөө эле. Ошентип, аларды атоого тыюу салуу келип чыккан.

Мисалы, арстанды - *шер, каблан;* карышкырды – *ташкапкыр, аты жаман, ит куш, көк жал;* каманды – *кара кийик, кылкыйма же кыйма;* аюуну – *өтөгөн* деп тергөө [4, 97 б.].

Табунун жаралышына себепчи болгон дагы бир диний ишеним - **анимизм**(адамдын денесинде кандайдыр бир материалдык эмес, духтун көрүнүшү-жан жашайт деген диний ишеним). Ар бир тарыхый доорго карата адамдын жашоо шарты өзгөрбөй койбойт, буга жараша адамдын аң - сезими да, билими да дайыма өзгөрүү үстүндө болот. Өнөгүүнүн мына ушул баскычында байыркы адамдар жалаң гана тышкы чөйрөнүн шарттарын эмес, өзүнүн денесинде болуп жаткан өзгөрүштөрдү билүүгө умтула баштайт. Алар: «*Адам эмне үчүн ооруйт, ал кандай пайда болот?»* деген суроолорго жооп таба алышкан эмес. Табийгаттын кубулуштары, сырткы чөйрөнүн адамдарга көрсөткөн таасирлери өзгөчө бир кереметтүү күч аркылуу болот, аларда адам менен айбандын денесиндегидей кыймылдаткыч «*күч*» бар деп түшүнө баштаган да, ал күчтөрдү «жин» деп аташкан. Кыргыздардагы *«жин тийгенби», «жин уруптур»* деген сөздөр мунун ачык далили боло алат. Ушундан улам оорунун аттарын айтууга тыюу салышып, тергегенге көнүшкөн. Мисалы, *чечек - улуу тумоо, конок келиптир; чума - көк көйнөк; кызамык – чыкма, мамасы чыгыптыр; безгек – жөөлүтмө, калтыратма* деп аталган [4, 97.]. Оорулардын пайда болушу жөнүндө жана ага негиз болгон элдик эски көз караштар менен ишенимдер

тууралуу атайын изилдөө жүргүзгөн Д.К.Зеленин минтип жазган: «Евразия элдеринде оорулар пайда болгондо жана ал күч алып (эпидемия) өкүм сүрүп турган кезде анын айтууга тыюу салынган. Кокус адам белгилүү оорунун атын айтса, ал оору дароо адамга жабышып кыйнала баштайт деген ишеним өкүм сүрүп келген. Ал анимистик негиздеги көз караш боюнча оору адам сыяктуу жандуу нерсе катарында элестетилген. Саратовдук великорустар безгекти адам сыяктуу жандуу нерсе деп түшүнүп, ага ардактоо менен мамиле жасаларын, анын тыюу салган атын айтпай *ал (она)* деп тергеп, жана ал оору адамга пайда болгонун түз айтпай кыйытуу иретинде ал ага жукту деп тергегенин да аныктаганын эскерген» [2, 64-65 беттер.].

Байыркы кыргыздар бир гана нерселердин аттарын (зат атоочту) гана эмес, кыймыл – аракетти (этишти) да түздөн – түз айтышпаган. Мисалы *«өлдү»* деген этишти айтышпастан, «*тигил дүйнөгө кетти», «ээсине тапшырдык»* дешкен. Алар адамдардын жаны өлбөйт, денеден бөлүнүп чыгып кетет да, тиги дүйнөдө жашоосун улантат деп ойлошуп, өлгөндөр менен кошо анын атын, куралын кээде аялын кошо көмүшкөн. Енисей боюндагы эстеликтердеги жазууларда «*өлдүм*» дегендин ордуна *адырылдым* (айрылдым б.а. өлдүм) деген сөздөр көп колдонулган. Ошентип *өлдү* деген сөздүн синонимдери – «*тиги дүйнөгө кетти», «жаны чыкты», «ээсине тапшырдык»* деген этиш сөздөрдү эвфемизм (сылык сүйлөө) катары эмес, табу деп караганыбыз максатка ылайыктуу жана мунун тамыры анимизмде жаткандыгы – шексиз нерсе. Б.С.Дорженов: «Кыргыздарда анимизмдин болгондугу этнографиялык маалыматтардан да көрүнөт. Эч бир кыргыз «*өлдү*» деп айтпайт, «*тиги дүйнөгө кетти*» дейт. Бала өлсө «*чарчады*» дейт», - деп белгилеген [4, 99 б.].

Байыркы биздин ата-бабаларыбыз өздөрүн курчап турган жандуу жаратылыштагы көрүнүштөрдү (айбандарды, өсүмдүктөрдү, табийгаттагы башка кубулуштарды, мисалы, чагылганды, бороон-чапкынды), ошондой эле өздөрү жашап жаткан чөйрөдөгү объектилерди (тоолорду, агып жаткан сууларды) ыйык деп эсептешип, аларга таазим этишкен. Мындай абал тотемизм менен фетишизмди жана бара-бара элдин (коомдун) аң-сезиминде ата-бабалардын арбагына сыйынуу (урмат көрсөтүү), жер-сууга, тоо-ташка табынууну пайда кылат. Адамдар мындай салттарды турмушта колдонгондо, алардын өмүрүндө, жашоосуна коркунуч туулбайт деген түшүнүктөр пайда болот. Ошону менен бирге эле сөздүн маанисине (магиясына) анын кудуреттүү күчүнө ишенүү, берилүү түшүнүгү, салты калыптанат.

Бул ишеним түрк, монгол тобундагы элдерге гана эмес, дүйнөнүн көптөгөн элдеринде жалпылыкты түзөрү, адам баласынын караңгы, сабатсыз кезинде, жаратылыштын ар кыл окуялары менен кубулуштардын, предметтерин илимий негизде таанып биле электе өнүккөндүгү, ага байланыштуу ар кыл диний негиздеги көз караштар, түшүнүктөр, курулай ишенимдер менен бирге аларга ылайык келген ырым-жырымдар, үрп-адаттар ж.б. иштелип чыккандыгын Д.К.Зеленин [2, 100-170 б.] далилдеген. Сөздөрдүн сыйкырдуу күчкө ээ болуу касиети жөнүдөгү ар кыл ишенимдер түрк, монгол тобундагы элдерде бирдей орун алат.

Түрк элдеринде тотемден (ыйык эсептелинген жаныбардан) пайда болгон уруу аттары өтө көп учурайт: Кыргыздын *бугу, адигине, сарыбагыш* ж.б. уруулары, башкырларда - бури (бөрү), алтайлыктарда *кув (ак куу), бөрүт же меркут (бүркүт)* ж.б. бул этнонимдердин бардыгы тотемдерден келип чыккан.

**Адабияттар**:


1. Гүнгөр А. Кыргыз жана түрк тилдериндеги ооруларга байланыштуу тергөөлөр [Текст]: дис. .канд.филол.наук: 10.02.02 / А.Гүнгөр. - Бишкек, 2006. - 240 б
2. Зеленин Д.К.Табу слов народов восточной Европы и Северной Азии. Изд. АН СССР,Ленинград, 1930. – С. 387.
3. Реформатский, А.А. Введение в языкознание. – Москва.: Просвещение, 1967, - 542 с.
4. Усубалиев, Б.Ш. Кыргыз филологиясы жана филологдору. – Бишкек.: AVARASIA BASMASI, 2007. – 410 б.
5. Фрэзер Джеймс. Золотая ветвь. Вып. 1, Магия и религия. М., 1928. – 334.